КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
ТАМГИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ

Эл депутаттарынын Тамга айылдык Кеңешинин XXVIII
чакырылышынын ___ кезексиз сессиясынын

«24» май 2022-жыл. №22 Тамга айылы

# Т О К Т О М У

**"Тамга айылдык аймагынын Тамга айылындагы "Жанек коргон" участогундагы тарыхый көрүстөнгө жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө"**

Тамга айылдык аймагынын Тамга айылынын эки чоң уруу элдеринин кайрылуусунун негизинде Тамга айылындагы "Жанек коргон" участогундагы тарыхый көрүстөндүн жанындагы жерден көрүстөн үчүн жер тилкесин бөлүп берүү максатында, Тамга айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Тамга айылдык аймагынын Тамга айылынын эки чоң уруу элдеринин кайрылуусунун негизинде Тамга айылындагы "Жанек коргон" участогундагы тарыхый көрүстөндүн жанындагы жерден көрүстөн үчүн жана тарыхый көрүстөндү сактоо максатында Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын №1166-контурунан 0,45 га өлчөмүндө бөлүнүп берилсин.

**2.** Бөлүнүп берилген жер тилкесинин максаттуу пайдаланылышын жана башка максатта пайдаланууга берилип кетпөөсүн көзөмөлдөө жагы Тамга айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Дуйшембиевге милдеттендирилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Тамга айылдык**
**кеңешинин төрагасы:** **А.А.Букаров.**